*Абдувапова А. Т., Чыныкеева Г. Э.*

# АЗЫРКЫ МЕЗГИЛДЕГИ РЫНОК ЭКОНОМИКАСЫНЫН КАЛКТЫН СОЦИАЛДЫК ТҮЗҮМҮНӨ ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

## (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөлөрдүн негизинде)

*Абдувапова А. Т., Чыныкеева Г. Э.*

# ВЛИЯНИЕ РЫНОЧНОЙ ЭКОНОМИКИ НА СОЦИАЛЬНУЮ СТРУКТУРУ НАСЕЛЕНИЯ НА СОВРЕМЕННОМ ЭТАПЕ

## (На основе этносоциологических исследований в Ошской области)

*A. T. Abduvapova, G. E. Chykeeva*

# THE INFLUENCE OF MARKET ECONOMY ON THE SOCIAL STRUCTURE OF THE POPULATION AT THE PRESENT STAGE

## (On the basis of ethnosociological research in the Osh region)

*УДК: 314.7 (575.25)*

*Макалада Ош облусундагы жүргүзүлгөн этносоциологиялык изилдөөлөрдүн негизинде азыркы мезгилдеги рынок экономикасынын калктын жашоосуна, социалдык түзүлүшүнө жана демографиялык абалына тийгизген таасири каралды жана талдоо жасалды.*

***Негизги сөздөр:*** *рынок экономикасы, этнодемография, этносоциология, миграция, мүнөздүү багыттары.*

*В данной статье на основе этносоциологического исследования в Ошской области рассматривается и анализируется состояние современной рыночной экономики, влияющие на жизнь население, социальную структуру и демографическое положение.*

***Ключевые слова:*** *рыночная экономика, этнодемография, этносоциология, миграция, тенденция.*

*In this article, based on research ethnosociological in the Osh region are considered and analyzed the state of the modern market economy, affecting the lives of the population, social structure and demographic situation.*

***Key words****: market econmica, ethnodemography, sociology, migration, trend.*

Ош облусу Кыргыз Республикасынын ири экономикалык жана калкынын саны тыгыз жайгашкан аймак болуп саналат.

Ош облусу өлкөбүздүн экинчи борбору катары Кыргызстандын чегинен сырткары бүтүндөй Борбордук Азия мейкиндигинде өзгөчө орунда жана саясий-экономикалык, маданий борбор болуу менен өзүнүн географиялык өзгөчөлүгү менен Чыгыш менен Батышты бириктирген маанилүү түйүн экендигибелгилүү [1].

Учурда Ош облусу – Кыргызстандагы ири административдик-аймактык бирдик болуп, Кыргыз Республикасынын түштүгүндө жайгашкан. Түндүгүнөн Жалал-Абад облусу, батышынан Баткен облусу, түштүгүнөн Тажикстан Республикасы, чыгышынан Нарын облусу жана Кытай Эл Республикасы менен чектешет. Облустун аймагы 7 административдик райондордон турат. Алар: Алай, Араван, Кара-Кулжа, Өзгөн, Кара-Суу, Ноокат, Чоң-Алай райондору. Мындан сырткары облуста 3 шаар (анын ичинде Ош шаары республиканын, Кара-Суу, Өзгөн жана Ноокат шаарларырайондун карамагында), 2 шаарча, 81 айыл округдары, 467 калктуу пунктар бар. Облуста жалпы калктын саны 2009-жылы 1104248 миң адамды түздү. Аянты 29,2 миң чарчы км. түзөт. Облустун административдик борбору – Ош шаары [2., 3-б.]. Калктын санынын динамикасын жана курамын изилдөө социалдык жана экономикалык маселелерди чечүүдө, анын курамын ачууда чоң мааниге ээ. Улуттук эл каттоолордун аралыгында Ош облусунда калкынын саны жана сапаты көптөгөн өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Бүткүл Союздук эл каттоо маалыматтары боюнча алсак, 1970-жылы облуста 433029, 1979-жылы 554480, 1989-жылы 712643, 1999-жылы 943566, ал эми 2009-жылы 1104248 адам облустун туруктуу калкы катары катталган.

*Таблица 1.*

**Ош облусунун калкынын райондор боюнча саны (адам) [2, 12-б.].**

| № | | 12.01.1989. | % менен | 24.03.1999. | % менен | 24.03.2009. | % менен |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Ош облусу | 712643 | 16,6 | 943566 | 19,4 | 1104248 | 21,6 |
| 2 | Алай району | 52029 | 7,3 | 65822 | 6,9 | 72170 | 6,5 |
| 3 | Араван району | 71214 | 9,9 | 91438 | 9,6 | 106134 | 9,6 |
| 4 | Кара-Кулжа району | 61927 | 8,7 | 80252 | 8,5 | 87691 | 7,9 |
| 5 | Кара-Суу району | 217575 | 30,5 | 294043 | 31,1 | 348645 | 31,6 |
| 6 | Ноокат району | 143476 | 20,1 | 196486 | 20,8 | 236455 | 21,4 |
| 7 | Өзгөн району | 151806 | 21,3 | 193766 | 20,5 | 228114 | 20,6 |
| 8 | Чоң-Алай району | 14616 | 2,05 | 21759 | 2,3 | 25039 | 2,3 |

Таблицада көрсөткөндөй, Ош облусунун 1989, 1999, 2009-жылдары өткөрүлгөн эл каттоонун маалыматтары караганда райондор боюнча калктын саны бир кыйла өзгөргөн. 2009-жылы Араван (14696 адамга), Кара-Суу (54602 адамга), Ноокат (39969 адамга), Өзгөн (34348 адамга), райондорунда калктын санынын өсүүсү байкалды. Бул райондордо мындай өсүү жашоо шарттары жана табигый өсүүнүн башка мүмкүнчүлүктөрү менен айырмаланып турат. Калкынын саны аз болгон Чоң-Алай районунда 3280 адамга араң көбөйгөн. Себеби, тоолуу аймактагы турмуш-тиричилик шарттары оор, медициналык камсыздандыруу начар жана мамлекет тарабынан социалдык камсыздандыруу жаатында иш-чаралар белгилүү деңгээлде көрүлбөй келет.

Акыркы мезгилдерде облустун бардык тармактарын изилдөөлөр күчөөдө. Облустун райондорунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүн бири-биринен айырмаланып, чарбалык маанилүүлүгүнө жараша шарттуу түрдө үч деңгээлде кароого болот. Биринчи өнүгүү денгээли жогору - Араван жана Кара-Суу райондору, экинчи өнүгүү деңгээли Ноокат жана Өзгөн райондору, ал эми тоолуу аймактар Алай, Кара-Кулжа жана Чоң-Алай райондорун өндүрүштүн, курулуштун жана социалдык өндүрүш тармактарынын абалына ылайык үчүнчү деңгээлге бөлүүгө болот. Облустун тоолуу райондору мал чарбачылыгы үчүн өтө ыңгайлуу, ошондой эле тоо-кен өнөр жайы да табигый шарттарга ээ. Минералдык заттардан, тоолордо өскөн даарылык касиетке ээ өсүмдүктөр фармакологиялык өндүрүш үчүн пайдалуу [3].

Ош облусу жогоруда белгилегендей экономикалык өзгөчөлүктөргө ээ болуу менен, жалпы мамлекеттик инвестициялык саясатын ишке ашырууга толук мүмкүнчүлүктөр бар жана мамлекетибиздин ири экономикалык аймагы болуп эсептелинет.

Атайын этносоциологиялык изилдөөнүн жүрүшүндө тургундардын рынок экономикасына өткөндүгүнө, азыркы учурдагы өзгөрүүлөргө кандай адаптацияланып жаткандыгын изилдедик.

*Таблица 2.*

**“Сиз Кыргызстандын рынок экономикасына өткөндүгүнө кандай карайсыз?” деген суроого Ош облусу,жынысы боюнча (% менен) [4].**

| Жынысы / Жооптору | Ош шаары | Большевик айылы |
|---|---|---|
| Толук колдойм | 32,14 | 29,61 |
| Көбүнчө колдойм | 19,90 | 22,37 |
| Көбүнчө каршымын | 7,65 | 17,76 |
| Толук каршымын | 3,57 | 5,26 |
| Айтуу кыйын | 36,73 | 25,00 |

Эгемендүүлүк шарттарында учурдагы экономикалык абалыбызга элдин пикирин билүү максатында жогорудагыдай суроо берилди жана облустагы сурамжыланган калктын 31,11% рынок экономикасына өткөндүгүбүздү толук колдогондугун билдирген. Анын, Ош шаарында 32,14% жана Большевик айылында 29,61% толук колдошкон. Биздин изилдөөлөр көрсөткөндөй, “айтуу кыйын” деген жоопту Ош шаары боюнча 36,73% жана Большевик айылы боюнча 25% тандап алышкан. Муну менен элдин эртеңки күнгө ишеними жоктугун баса белгилеп кетүү зарыл.

*Таблица 3.*

**“Сиз Кыргызстандын рынок экономикасына өткөндүгүнө кандай карайсыз?” деген суроого Ош облусу, билими боюнча (% менен) [4].**

| Билим деңгээли / жооптору | Жогорку | бүтпөгөн жогорку | Атайын орто | Орто | бүтпөгөн орто |
|---|---|---|---|---|---|
| Толук колдойм | 30,14 | 9,59 | 13,24 | 23,29 | 6,85 |
| Көбүнчө колдойм | 28,90 | 12,14 | 6,36 | 21,97 | 8,09 |
| Көбүнчө каршымын | 27,08 | 16,67 | 6,25 | 26,04 | 3,13 |
| Толук каршымын | 34,69 | 14,29 | 6,12 | 14,29 | 2,04 |
| Айтуу кыйын | 28,26 | 17,93 | 14,13 | 22,83 | 2,72 |

Сурамжылоонун негизинде билим деңгээли боюнча рынок экономикасына өткөндүгүн кандай карайсыз деген суроого жогорку билимдүүлөрдүн ичинде толук колдойм деп жооп бергендердин саны 30,14% түзсө, көбүнчө колдойм деп эсептегендери 28,90% түздү. Ал эми орто билимдүүлөр 23,29%, атайын орто билимдүүлөр 13,24%, түздү. Бүтпөгөн орто билимдүүлөр толук каршымын деп 2,04% жооп беришкен. Жогорку билимдүүлөр рынок экономикасына өткөнүбүздү

*Таблица 4.*

**Сиз Кыргызстандын рынок экономикасына өткөндүгүнө кандай карайсыз?” деген суроого Ош облусу, жашы боюнча (% менен) [4].**

| Жашы боюнча / жооптору | 16-20 | 21-25 | 26-29 | 30-39 | 40-49 | 50-59 | 60 тан жогору |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Толук колдойм | 21,43 | 21,98 | 13,74 | 17,03 | 18,13 | 6,59 | 1,10 |
| Көбүнчө колдойм | 20,15 | 20,90 | 17,91 | 15,67 | 12,69 | 9,70 | 2,99 |
| Көбүнчө каршымын | 23,58 | 19,74 | 17,11 | 9,21 | 15,79 | 10,53 | 3,95 |
| Толук каршымын | 17,14 | 22,86 | 17,14 | 17,14 | 8,57 | 14,29 | 2,86 |
| Айтуу кыйын | 21,52 | 25,32 | 10,13 | 17,03 | 15,19 | 9,49 | 1,27 |

Сурамжылоо материалдары боюнча, рынок экономикасына өткөндүгүн баа берүү биз иликтеген адамдардын жаш курактары боюнча айырмаланат. Рынок экономикасын өткөндүгүн колдогон 16-25 жаштагылар, 16-20 жаштагылар 23,58 % көбүнчө каршымын деп жооп беришкен. Бул жаш курагындагы адамдар билим алып жаткан же белгилүү бир кесиптик даярдыгы бар жаштар. Ал эми 21-25 жаштагылар 25,32 % айтуу кыйын жооп беришкен. Алардын көпчүлүгү алган квалификациясы боюнча

иштей алышпайт, анткени жумуш жок, же окуп жатканда контракт төлөө менен материалдык кошумча кыйынчылыктарга туш келгендер. Улуу муундагы курактагы суралгандардын ичинде өзүнүн материалдык абалына топук кылгандар көбүрөөк. Алар алган аз нерсени да сарамжал сарптаганга тарбияланган муундун өкүлдөрү болуп саналат.

*Таблица 5.*

**Өзүңүздүн материалдык абалыңызга канааттанасызбы?**

| Жынысы / Жооптору | Аялдар | Эркектер |
|---|---|---|
| Ооба | 46,88 | 53,13 |
| Жок | 41,44 | 58,59 |

Ош облусу жынысы боюнча [4].

Жогоруда көрүнүп тургандай, өзүнүн материалдык абалына облустан суралган эркектердин 46,88%, ал эми аялдардын 53,13% ооба деп жооп беришкен. Ал эми аялдар 41,44%, эркектер 58,59% канааттаанбаймын деп жооп беришкен. Эркектердин көбү сыртта иштеп жүрүшөт. Чарбаны жүргүзүү жана үй-бүлө мүчөлүрүнө кам көрүү көп каражатты талап кылгандыктан суралган аялдардын көпчүлүгү өзүнүн үй-бүлөсүнүн материалдык абалына ыраазы эмес. Ушул эле маселени суралгандардын билим денгээли менен карап көрөбүз.

*Таблица 6.*

**“Ош облусунун материалдык абалына берген жооптору, билим деңгээли боюнча (% менен) [4].**

| Билим деңгээли / жооптору | Жогорку | бүтпөгөн жогорку | Атайын орто | Орто | бүтпөгөн орто |
|---|---|---|---|---|---|
| Ооба | 29,56 | 13,81 | 9,12 | 20,17 | 6,91 |
| Жок | 28,97 | 13,37 | 11,70 | 25,07 | 3,62 |

Материалдык абалына жогорку билимдүүлөрдүн ичинде жашоо абалын жакшы деп баалагандардын саны 29,56% түзсө, начар деп эсептегендери 28,97% түздү. Булар негизинен айыл жеринде иштегендер айлык акы алгандар кошумча дыйканчылык менен алектенишип жакшы жашашат. Жогорку билимдүүлөрдүн ичинде материалдык абалына канааттанбагандары башка шаарларга, мамлекеттерге иштеп келүүгө багытталышкан, анткени тил билишет, мобилдүү, жаңы шарттарга адаптациялanып кетүүгө мүмкүнчүлүктөрү билими жокторго караганда кенен.

Айыл жана шаарлардын калкынын жашоо деңгээли бирдей эмес. Шаарлар аймактардын экономикалык, маданий, административдик борборлору. Шаарларда ишканалар, базарлар, тейлөө борборлору жашоочуларга жумуш жана жашоо каражаттарын берүүдө.

*Таблица 7.*

**“Үй-бүлөлүк абалы боюнча материалдык абалына жооп бергендер Ош облусу боюнча(% менен) [4].**

| Үй-бүлөлүк абалы / жооптору | Бойдок | үй-бүлөлүү | ажырашкан | Жесир |
|---|---|---|---|---|
| Ооба | 43,75 | 48,96 | 4,86 | 2,43 |
| Жок | 31,99 | 54,21 | 8,75 | 5,05 |

Таблица көрсөткөндөй үй-бүлөлүүлөрдүн 48,96% материалдык абалына канааттанат жана 52,6% канааттанбайт. Жашап жаткан материалдык шарттарын суралган үй-бүлөлүү адамдардын жарымынан көбү жактырышпайт. Анткени, балдарды бала-бакчага, мектепке орнотуу, окутуу, аларга шарт түзүп берүү абдан көп каражаттарды талап кылат. Ал эми бойдоктордун 43,75% канааттанам, 31,99% канааттанбаймын деп жооп беришкен.

Жалпысынан алганда, атайын этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде рынок экономикасына өткөндөн тартып облустун тургундары жаңы турмуштук шартта өздөрү да өзгөрүшүүдө. Алар көптөгөн социалдык маселелерди чечүү үчүн, Кыргызстандын абалын ондоо үчүн бирдиктүү аракет жана тынымсыз эмгек керек экендигин кабылдашат.

**Адабияттар:**


1. Ош жаңырыгы 2015-ж, № 45.
2. Кыргыз Республикасында 2009-жылы эл жана турак жай фондун каттоо. III китеп (таблицаларда). Кыргызстандын чөлкөмдөрү. Ош облусу. – Б., 2010. 3-б.
3. Султанова А. Кыргыз Республикасынын Ош облусунун эл аралык байланыштары (1991-2011-жж.). Б., 2015.
4. Ош облусуна жүргүзүлгөн этносоциологиялык изилдөөлөрдүн материалдары. 2009-жыл.


**Рецензент: к.и.н., доцент Маматов А.**